8.2. Директорлор Кеңешинин мүчөсү өзүнүн ишин жүзөгө ашырууда эң жогорку деңгээлдеги чынчылдыкты жана объективдүүлүктү камсыз кылуу үчүн Акционерлердин Жалпы Чогулушуна, Директорлор Кеңешине жана Башкы Директорго төмөнкүлөрдү билдирүүгө милдеттүү:

a) башкаруу органдарында кызмат ордун ээлеген юридикалык жактар жөнүндө;
b) өздөрүнүн жакын туугандары жана/же байланыш жактары жана алардын курамындагы өзгөрүүлөр жөнүндө;
c) өзү кызыкдар тарап катары таанылышы мүмкүн болгон бүтүмдөр жөнүндө;
d) алардын кызыкчылыктары менен Компаниянын кызыкчылыктарынын ортосунда кандайдыр бир карама-каршылыктын келип чыгышы жөнүндө.

8.3. Кызыкчылыктардын кагылышын болтурбоо үчүн Директорлор Кеңешинин мүчөсү төмөнкүлөргө милдеттүү:

a) алардын кызыкчылыктары менен Компаниянын кызыкчылыктарынын кагылышына алып келе турган аракеттерден баш тартууга жана ишмердүүлүктөн качууга;
b) өз кызматын жана Компаниянын иши жөнүндө алынган маалыматты жеке кызыкчылыктар үчүн пайдаланбоого, ошондой эле аларды үчүнчү жактардын кызыкчылыгында пайдаланууга жол бербөөгө;
c) Кыргыз Республикасынын аймагында Компаниянын ишине кандай гана формада болбосун атаандашкан иштерди жүргүзбөөгө, ошондой эле Директорлор Кеңешинин мүчөсүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө ага белгилүү болгон маалыматтарды Компанияга жана анын Акционерлерине каршы пайдаланбоого.

8.4. Директорлор Кеңешинин мүчөлөрү кызыкчылыктардын кагылышы бар маселелерди кароого жана чечүүгө катыша албайт жана мындай маселелер боюнча добуш берүү учурунда алардын үнү эске алынбайт.

8.5. Эгерде Директорлор Кеңешинин жыйналышынын күн тартибиндеги кандайдыр бир маселе боюнча Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүнүн жарымынан көбүнүн ортосунда кызыкчылыктардын кагылышы болсо, анда бул маселе боюнча чечим Акционерлердин Жалпы Чогулушунун кароосуна киргизилет.

## 9. ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИНИН ИШИН УЮШТУРУУ

9.1. **Биринчи жыйналыш**

9.1.1. Директорлор Кеңешинин биринчи жыйналышы Директорлор Кеңеши дайындалган Акционерлердин Жалпы Чогулушу өткөрүлгөн күндөн тартып эки айдан кечиктирбестен өткөрүлүүгө тийиш.

9.1.2. Биринчи жыйналышта Директорлор Кеңешинин мүчөлөрү өздөрүнүн ичинен Директорлор Кеңешинин Төрагасын/Төрайымын шайлашат жана Директорлор Кеңешинин ишинин артыкчылыктуу багыттарын аныкташат.

9.2. **Директорлор кеңешинин жыйналыштарынын календары**

9.2.1. Директорлор Кеңешинин жыйналыштары ар бир календардык жылдын ичинде төрт жолудан кем эмес өткөрүлөт. Директорлор Кеңеши тиешелүү календардык жыл үчүн жыйналыштарды тез-тез өткөрүүнүн планын бекитиши мүмкүн.

9.2.2. Мындай жыйындардын бири Директорлор Кеңешинин жылдык жыйналышы (Жылдык Кеңеш) болот. Жылдык Кеңеш Директорлор Кеңешинин Төрагасы/Төрайымы же Башкы Директор тарабынан аныкталган дата жана жерде өткөрүлөт. Жылдык Кеңеш Компаниянын жылдык отчетуна жана жылдык балансына аудиттин жыйынтыгы боюнча тышкы аудитордон жазуу жүзүндөгү корутундуларды алгандан кийин өткөрүлөт.

9.3. **Директорлор кеңешинин жыйналышын чакыруу**

8.2. Для обеспечения наивысшего уровня честности и объективности в осуществлении своей деятельности, член Совета Директоров должен информировать Общее Собрание Акционеров, Совет Директоров и Генерального Директора:

a) о юридических лицах, в органах управления которых он занимает должности;
b) о своих близких родственниках и/или аффилированных лицах и изменениях в их составе;
c) о предполагаемых сделках, в совершении которых он может быть признан заинтересованным лицом;
d) о возникновении любых форм конфликта между своими интересами и интересами Компании.

8.3. В целях исключения конфликта интересов, член Совета Директоров обязан:

a) воздерживаться от действий и избегать деятельности, которые могут привести к возникновению конфликта между их интересами и интересами Компании.
b) не использовать свое положение и полученную информацию о деятельности Компании в личных интересах, а также не допускать их использование в интересах третьих лиц;
c) не осуществлять деятельность, в какой бы то ни было форме конкурирующую с деятельностью Компании на территории Кыргызской Республики, а также не использовать информацию, ставшую ему известной в ходе исполнения полномочий члена Совета Директоров, против Компании и ее Акционеров.

8.4. Члены Совета Директоров не могут участвовать в рассмотрении и решении вопросов, в которых у них присутствует конфликт интересов, и их голос не учитывается при голосовании по таким вопросам.

8.5. Если по какому-либо вопросов повестки дня заседания Совета Директоров конфликт интересов имеется более чем у половины членов Совета Директоров, то принятие решение по данному вопросу передается на рассмотрение Общего Собрания Акционеров.

## 9. ОРГАНИЗАЦИЯ РАБОТЫ СОВЕТА ДИРЕКТОРОВ

9.1. **Первое заседание**

9.1.1. Первое заседание Совета Директоров должно быть проведено не позднее двух месяцев с момента проведения Общего Собрания Акционеров, на котором был избран Совет Директоров.

9.1.2. На первом заседании члены Совета Директоров из своего состава избирают Председателя Совета Директоров и определяют приоритетные направления деятельности Совета Директоров.

9.2. **Календарь заседаний Совета Директоров**

9.2.1. Заседания Совета Директоров проводятся не менее четырех раз в течение каждого календарного года. Совет Директоров может утвердить План проведения заседаний на соответствующий календарный год с более частой периодичностью заседаний.

9.2.2. Одно из таких заседаний является Ежегодным заседанием Совета Директоров (Ежегодный Совет). Ежегодный Совет проводится в дату и в месте, которые определяются Председателем Совета Директоров или Генеральным Директором. Ежегодный Совет проводится после получения им письменных заключений внешнего аудитора по результатам проверки годового отчета и годового бухгалтерского баланса Компании.

9.3. **Созыв заседания Совета Директоров**

9.3.1. Директорлор Кеңешинин жыйналышы Директорлор Кеңешинин Төрагасы/Төрайымы тарабынан өз демилгеси боюнча же төмөнкү талаптар боюнча чакырылат:

a) Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүнүн талабы менен;
b) Текшерүү Комиссиясы (Текшерүүчү) же Компаниянын Ички аудит кызматынын жетекчисинин талабы менен;
c) Компаниянын Башкы Директорунун талабы менен;
d) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда баалуу кагаздар рыногун жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын талабы менен.

9.3.2. Директорлор Кеңешинин жыйналышын чакыруу жөнүндө талапта демилгечинин реквизиттери, күн тартибиндеги маселелердин жазылышы жана жыйналыштын формасы көрсөтүлүүгө тийиш.

9.4. **Билдирүү**

9.4.1. Директорлор Кеңешинин Төрагасы/Төрайымы же Башкы Директор Директорлор Кеңешинин жыйналышы жөнүндө билдирүүгө кол коет, Директорлор Кеңешинин жыйналышынын убактысы, орду, формасы жана күн тартиби жөнүндө Директорлор Кеңешинин ар бир мүчөсүнө тапшырык кат, электрондук почта же факс менен жеке кабарлайт. Эгерде Директорлор Кеңешинин мүчөлөрү менен башка мөөнөт макулдашылбаса, билдирүү Директорлор Кеңешинин жыйналышын өткөрүү күнүнө чейин кеминде 7 (жети) календардык күн калганда берилет. Бирдирүү менен бирге Директорлор Кеңешинин жыйналышынын кыскача күн тартиби жөнөтүлөт. Директорлор Кеңешинин ар бир мүчөсү Директорлор Кеңешинин жыйналышынын күн тартибине маселелерди киргизүү боюнча сунуштарды берүүгө укуктуу.

9.5. **Кворум**

9.5.1. Директорлор Кеңеши кворум болгон учурда чечим кабыл алууга укуктуу деп таанылат. Директорлор Кеңешинин бардык мүчөлөрүнүн 2/3 Директорлор Кеңешинин жеке катышканда кворум жетишилди деп эсептелет.

9.5.2. Эгерде кворум жок болсо, Директорлор Кеңешинин жыйналышы жараксыз деп таанылат. Болбой калган жыйналыштын ордуна жаңы жыйналыш Директорлор Кеңешинин Төрагасынын/Төрайымынын чечими менен белгиленген мөөнөттө өткөрүлүшү мүмкүн.

9.6. **Жеке жыйналыш**

9.6.1. Директорлор Кеңешинин чечимдери Директорлор Кеңешинин жеке жыйналышын өткөрүү жолу менен – добуш берүүгө коюлган маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн күн тартибиндеги маселелерди талкуулоо үчүн Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүнүн биргелешип катышуусу менен жана Директорлор Кеңешинин жыйналышынын протоколуна Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүнүн жеке кол коюусу менен – кабыл алынышы мүмкүн.

9.6.2. Эгерде күн тартибиндеги маселелерди талкуулоо жана добуш берүүгө коюлган маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу Директорлор Кеңешинин мүчөсүнүн өздүгүн жана каралып жаткан маселе боюнча анын чечимин ишенимдүү аныктоого мүмкүнчүлүк түзгөн техникалык байланыш каражаттары (аудио-, видеоконференция ж.б.) аркылуу өткөрүлсө, Директорлор Кеңешинин жыйналышы жеке түрдө өткөрүлгөн болуп саналат.

9.6.3. Компаниянын жылдык каржылык отчеттуулугун Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талаптарына жана Эл аралык каржылык отчеттуулук стандарттарына ылайык даярдалган түрүндө, тышкы аудиттин тиешелүү корутундулары жана сунуштамалары менен бирге бекитүү жөнүндө маселе Директорлор Кеңешинин жеке жыйналышында гана каралууга жатат.

9.3.1. Заседание Совета Директоров созывается Председателем Совета Директоров по его собственной инициативе или по требованию:

a) Члена (членов) Совета Директоров;
b) Ревизионной Комиссии (Ревизора) или Руководителя Службы внутреннего аудита Компании;
c) Генерального Директора Компании;
d) уполномоченного государственного органа Кыргызской Республики, регулирующего рынок ценных бумаг в случаях, установленных законодательством Кыргызской Республики.

9.3.2. В требовании созыва заседания Совета Директоров должны быть указаны данные инициатора, формулировки пунктов повестки дня и форма проведения заседания.

9.4. **Уведомление**

9.4.1. Председатель Совета Директоров или Генеральный Директор подписывает уведомление о проведении заседания Совета Директоров, уведомляет персонально каждого члена Совета Директоров о времени, месте, форме и повестке дня заседания Совета Директоров заказным письмом, посредством электронной почты или факсом. Уведомление предоставляется, по крайней мере, за 7 (семь) календарных дней до даты проведения заседания Совета Директоров, если иной срок не согласован с членами Совета Директоров. Наряду с уведомлением, направляется краткая повестка дня заседания Совета Директоров. Любой из членов Совета Директоров вправе давать предложения о включении вопросов в повестку дня заседания Совета Директоров.

9.5. **Кворум**

9.5.1. Совета Директоров признается уполномоченным на принятие решений при наличии кворума. Кворум считается достигнутым, когда 2/3 всех членов Совета Директоров представлены в Совете Директоров лично.

9.5.2. При отсутствии кворума заседание Совета Директоров объявляется неправомочным. Проведение нового заседания взамен несостоявшегося может быть осуществлено в сроки, установленные решением Председателя Совета Директоров.

9.6. **Очное заседание**

9.6.1. Решения Совета Директоров могут приниматься путем проведения очного заседания Совета Директоров – совместного присутствия членов Совета Директоров для обсуждения вопросов повестки дня для принятия решения по вопросам, поставленным на голосование и личного подписания членами Совета Директоров протоколов заседания Совета Директоров.

9.6.2. Заседание Совета Директоров рассматривается как проведенное в очной форме, если обсуждение вопросов повестки дня и принятие решений по вопросам, поставленным на голосование, осуществлено посредством средств технической связи (аудио-, видеоконференция и т.д.), позволяющих достоверно установить личность члена Совета Директоров и его решение по рассматриваемому вопросу.

9.6.3. Вопрос об утверждении годовой финансовой отчетности Компании, подготовленной в соответствии с требованиями Национального банка Кыргызской Республики и Международными стандартам финансовой отчетности, вместе с соответствующими заключениями и рекомендациями внешнего аудитора подлежит рассмотрению исключительно на очном заседании Совета Директоров.

9.6.4. Директорлор Кеңешинин жеке жыйналышынын протоколуна Директорлор Кеңешинин жыйналышка катышкан бардык мүчөлөрү кол коюшат.

9.7. **Сырттан жыйналыш**

9.7.1. Директорлор Кеңешинин чечимдери Директорлор Кеңешинин сырттан жыйналышын өткөрүү жолу менен кабыл алынышы мүмкүн (Директорлор Кеңешинин мүчөлөрү тарабынан добуш берүүгө коюлган маселелер боюнча чечимдерди сырттан добуш берүү бюллетенине кол коюу аркылуу кабыл алуу).

9.7.2. Директорлор Кеңешинин сырттан жыйналышын төмөнкү учурларда өткөрүү мүмкүн:

a) деталдуу талкууну талап кылбай, Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүнүн пикирлерин жазууну гана талап кылган маселелер боюнча;жана
b) ушул Жобонун талаптарына ылайык Директорлор Кеңешинин ар бир мүчөсүнө тийиштүү түрдө билдирүү берилген шартта.

9.7.3. Директорлор Кеңешинин жыйналышын сырттан добуш берүү формасында өткөрүүдө Директорлор Кеңешинин мүчөлөрү Директорлор кеңешинин жыйналышынын күн тартибиндеги маселелер боюнча оозеки түшүндүрмө алуу үчүн Компаниянын кызмат адамдары менен байланышууга, ошондой эле аудио- же видеоконференция аркылуу жолугушууларды өткөрүүгө укуктуу.

9.7.4. Сырттан добуш берүү бюллетени төмөндөгүлөрдү камтышы керек:

a) ушул бюллетень менен добушка коюлган ар бир маселе боюнча чечимдин жазылышы;
b) добуш берүүгө коюлган маселе боюнча «Макул», «Каршы», «Баш тартты» деген сөздөр менен добуш берүүнүн варианттары;
c) Директорлор Кеңешинин жыйналышы жөнүндө билдирүүнү алуу жөнүндө белги;
d) Директорлор Кеңешинин мүчөсүнүн колтамгасы үчүн орун.

9.7.5. Добуш берүү бюллетенинин формасы ушул Жободо белгиленген талаптарды эске алуу менен Корпоративдик катчы тарабынан даярдалат.

9.7.6. Эгерде Директорлор Кеңешинин мүчөсү кандайдыр бир себептерден улам Директорлор Кеңешинин сырттан жыйналышы жөнүндө билдирүүдө көрсөтүлгөн мөөнөттө добуш берүү бюллетенин бербесе, анда ал добуш берүүгө катышкан жок деп эсептелет жана анын добушу добуш берүүнүн жыйынтыктарын эсептөөдө эсепке кабыл алынбайт.

9.7.7. Төмөнкү учурларда бюллетень жараксыз деп табылат жана алар боюнча добуштар саналбайт:

a) Директорлор Кеңешинин мүчөсү тарабынан берилген бюллетень менен Директорлор Кеңешинин мүчөсүнө добуш берүүгө жиберилген бюллетендин тексти жана формасы дал келбесе;
b) добуш берүүнүн варианттары добуш берүү бюллетенинде белгиленбесе;
c) эгерде бюллетенде бир маселе боюнча добуш берүүнүн бир нече варианты белгиленсе же добуш берүүнүн бардык варианттары чийилсе;
d) добуш берүү бюллетенине Директорлор Кеңешинин мүчөсүнүн колтамгасы жок болсо;
e) эгерде добуштарды эсептөөдө Директорлор Кеңешинин бир мүчөсүнүн күн тартибинин бир маселеси боюнча добуш берүүнүн ар кандай варианттары тандалган эки же андан ашык толтурулган бюллетендери табылса.

9.7.8. Директорлор Кеңешинин ар бир мүчөсү сырттан добуш берүү бюллетенин кол коюлган күнү Корпоративдик катчыга электрондук почта же факс аркылуу жиберет, андан кийин кол коюлган бюллетендин түп нускасын Компаниянын башкы кеңсесине жөнөтөт. Электрондук колтамга менен кол коюлган сырттан добуш берүү бюллетени Корпоративдик катчынын электрондук дарегине жөнөтүлөт. Мында электрондук колтамга

9.6.4. Протоколы очного заседания Совета Директоров подписываются всеми членами Совета Директоров, присутствовавшими на заседании.

9.7. **Заочное заседание**

9.7.1. Решения Совета Директоров могут приниматься путем проведения заочного заседания Совета Директоров (принятие решения членами Совета Директоров по вопросам, поставленным на голосование путем подписания бюллетеня заочного голосования).

9.7.2. Проведение заочного заседания Совета Директоров возможно в следующих случаях:

a) по вопросам, которые не требуют детального обсуждения, а только лишь фиксации мнений членов Совета Директоров; и
b) при условии надлежащего уведомления каждого члена Совета Директоров в соответствии с требованиями настоящего Положения.

9.7.3. При проведении заседания Совета Директоров в форме заочного голосования члены Совета Директоров вправе обратиться к должностным лицам Компании за устными разъяснениями по поводу вопросов повестки дня заседания Совета Директоров, а также проводить совещания в режиме аудио-, или видеоконференции.

9.7.4. Бюллетень заочного голосования должен содержать:

a) формулировку решения по каждому вопросу, голосование по которому осуществляется данным бюллетенем;
b) варианты голосования по вопросу, поставленному на голосование, выраженные формулировками «За», «Против», «Воздержался»;
c) отметку о получении уведомления о проведении заседания Совета Директоров;
d) место для подписи члена Совета Директоров.

9.7.5. Форма бюллетеня готовится Корпоративным секретарем с учетом требований, установленных в настоящим Положении.

9.7.6. Если член Совета Директоров по каким-либо причинам не предоставил бюллетень в срок, указанный в уведомлении о проведении заочного заседания Совета Директоров, то он считается не участвующим в голосовании, и его голос не учитывается при подсчете результатов голосования.

9.7.7. Недействительными признаются бюллетени, и голоса по ним не подсчитываются в следующих случаях:

a) в случае несоответствия бюллетеня, представленного членом Совета Директоров, тексту и форме бюллетеня, отправленного для голосования члену Совета Директоров;
b) в случае если в бюллетене не отмечены варианты голосования;
c) в случае если в бюллетене отмечено несколько вариантов голосования по одному вопросу или зачеркнуты все варианты голосования;
d) в случае отсутствия в бюллетене подписи члена Совета Директоров;
e) если при подсчете голосов будут обнаружены два или более заполненных бюллетеня одного члена Совета Директоров, в которых по одному вопросу повестки дня выбраны разные варианты голосования.

9.7.8. Каждый член Совета Директоров направляет подписанный бюллетень заочного голосования Корпоративному Секретарю посредством электронной почты или факса в день подписания, после чего высылает оригинал подписанного бюллетеня в главный офис Компании. Бюллетень заочного голосования, подписанный электронной подписью, высылается на электронный адрес Корпоративного Секретаря. При этом,

менен кол коюлган сырттан добуш берүү бюллетенин кагаз жүзүндө кайталоо талап кылынбайт.

9.7.9. Директорлор Кеңешинин сырттан жыйналышынын чечими сырттан добуш берүү бюллетендерин эсептөөнүн натыйжалары боюнча түзүлүүчү протокол менен таризделет жана ага Директорлор Кеңешинин Төрагасы/Төрайымы жана Корпоративдик катчы кол коюшат.

9.8. **Добуш берүү**

9.8.1. Директорлор Кеңешинин компетенциясына кирген бардык маселелер боюнча чечимдер, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Компаниянын Уставында башкача белгиленбесе, Директорлор Кеңешинин добуш берүүгө катышкан мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен (анын ичинде сырттан добуш берүүдө да) кабыл алынат.

9.8.2. Добуш берүү «Директорлор кеңешинин 1 мүчөсү – 1 добуш» принциби боюнча өткөрүлөт. Добуштардын саны бирдей болгон учурда Директорлор Кеңешинин Төрагасынын/Төрайымынын добушу чечүүчү болуп саналат.

9.8.3. Кызыкчылыктардын кагылышы бар маселелер боюнча добуш берүү ушул Жободо белгиленген кызыкчылыктардын кагылышын чечүү эрежелерин эске алуу менен жүргүзүлөт.

9.8.4. Директорлор Кеңешинин бир мүчөсүнүн добушун Директорлор Кеңешинин башка мүчөсүнө өткөрүп берүүгө, ошондой эле добуш берүү укугун ишеним кат аркылуу башка жакка өткөрүп берүүгө тыюу салынат.

9.9. **Директорлор Кеңешинин жыйналыштарынын протоколдору жана стенограммалары**

9.9.1. Директорлор Кеңешинин жыйналыштарынын жыйынтыгында кабыл алынган чечимдер милдеттүү түрдө протокол менен тариздəлүүгө тийиш.

9.9.2. Директорлор Кеңешинин протоколунун формасы жана мазмуну Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Компаниянын Уставынын, ушул Жобонун талаптарына, ошондой эле корпоративдик башкаруунун алдыңкы тажрыйбаларына ылайык келүүгө тийиш.

9.9.3. Директорлор Кеңешинин жыйналыштарынын протоколуна, добуш берүү бюллетендерине жана башка документтерге кол коюу максатында Директорлор Кеңешинин мүчөлөрү жана Корпоративдик катчы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте электрондук колтамганы пайдаланууга укуктуу. Электрондук колтамганы колдонуу менен кол коюлган документтер мыйзамдуу күчү боюнча кагазда түзүлгөн жана колтамга менен кол коюлган документтерге барабар болгон электрондук документтер деп таанылат. Мындай электрондук документтер юридикалык кесепеттерге алып келет жана/же алар түзүлгөн фактыларды жана жагдайларды ырастайт жана жасалган аракеттер жана кабыл алынган чечимдер кагаз жүзүндө түзүлгөн жана кол коюлган документтер менен ырасталбаган деген негизде даттанууга болбойт. Электрондук колтамга менен кол коюлган электрондук документтерди кагаз жүзүндө кайталоо талап кылынбайт.

9.9.4. Протоколго күн тартибинин тиешелүү маселелерин кароодо Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүнө жөнөтүлгөн (берилген) материалдар, баяндамалардын презентациясы, ошондой эле бекитилген документтердин тексттери тиркелет. Директорлор Кеңешине келип түшкөн добуш берүү бюллетендери да протоколго тиркелет.

9.9.5. Директорлор Кеңешинин жыйналышынын протоколу Директорлор Кеңешинин жыйналышы өткөрүлгөн күндөн тартып 5 жумушчу күндөн кечиктирбестен түзүлөт. Директорлор Кеңешинин ар бир мүчөсү бул мөөнөттүн ичинде Директорлор Кеңешинин айрым чечимдери боюнча өзүнүн өзгөчө пикирин жазуу жүзүндө жана бүтүндөй протоколго тиркөөгө укуктуу.

дублирование бюллетеня заочного голосования, подписанного электронной подписью, на бумажных носителях не требуется.

9.7.9. Решение заочного заседания Совета Директоров оформляется протоколом, составленным по итогам подсчета бюллетеней заочного голосования, и подписывается Председателем Совета Директоров и Корпоративным секретарем.

9.8. **Голосование**

9.8.1. Решения по всем вопросам, отнесенным к компетенции Совета Директоров, принимаются большинством голосов членов Совета Директоров, принимающих участие в голосовании, в том числе и при заочном голосовании, если иное не установлено законодательством Кыргызской Республики и Уставом Компании.

9.8.2. Голосование осуществляется по принципу «1 член Совета Директоров – 1 голос». При равном количестве голосов, голос Председателя Совета Директоров является решающим.

9.8.3. Голосование по вопросам, в которых имеется конфликт интересов, осуществляется с учетом правил разрешения конфликта интересов, установленных в настоящем Положении.

9.8.4. Передача голоса одним членом Совета Директоров другому члену Совета Директоров, а также передача права голоса любому иному лицу по доверенности запрещается.

9.9. **Протокол и стенограмма заседаний Совета Директоров**

9.9.1. Решения, принятые в результате заседаний Совета Директоров, в обязательном порядке подлежит протоколированию.

9.9.2. Форма и содержание протокола Совета Директоров должны соответствовать требованиям законодательства Кыргызской Республики, Устава Компании, настоящего Положениям, а также лучшим практикам корпоративного управления.

9.9.3. Для целей подписания протоколов заседаний Совета Директоров, бюллетеней для голосования и иных документов члены Совета Директоров и Корпоративный секретарь вправе применять электронную подпись в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики. Документы, подписанные с использованием электронной подписи, признаются электронными документами, равнозначными по юридической силе документам, составленным на бумажном носителе и подписанным собственноручной подписью. Такие электронные документы порождают юридические последствия и/или подтверждают факты и обстоятельства, в связи с которыми они оформлены и не могут быть оспорены на том основании, что совершенные действия и принятые решения не подтверждаются документами, составленными и подписанными на бумажном носителе. Дублирование электронных документов, подписанных электронной подписью, на бумажных носителях не требуется.

9.9.4. К протоколу прилагаются материалы, направленные (предоставленные) членам Совета Директоров при рассмотрении соответствующих вопросов повестки дня, презентации докладов, а также тексты утвержденных документов. Поступившие в Совет Директоров бюллетени для голосования также прилагаются к протоколу.

9.9.5. Протокол заседания Совета Директоров составляется не позднее 5 рабочих дней с момента проведения заседания Совета Директоров. Каждый член Совета Директоров имеет право в течение этого срока в письменном виде приложить свое особое мнение по отдельным решениям Совета Директоров и протоколу в целом. Особое мнение не является частью протокола, но должно храниться в

Өзгөчө пикир протоколго кирбейт, бирок Компаниянын Директорлор Кеңешинин иштеринде сакталууга тийиш жана Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүнүн таанышуусу үчүн жеткиликтүү болуш керек.

9.9.6. Зарыл болгон учурда Корпоративдик катчы Директорлор Кеңешинин протоколунан үзүндүлөрдү даярдап, кол кое алат.

9.9.7. Директорлор Кеңешинин жеке жыйналышы жыйналыштын стенограммасы менен коштолот. Жыйындын катышуучуларын жана алар кабыл алган чечимдерди аныктоого мүмкүндүк берген аудио жана/же видео жазуу стенограмма катары каралышы мүмкүн. Корпоративдик катчы Директорлор Кеңешинин жыйналыштарынын аудио жана видео жазууларын жүргүзүү жана сактоо үчүн жоопкерчилик тартат.

9.10. **Директорлор Кеңешинин комитеттери**

9.10.1. Директорлор Кеңеши өзүнүн компетенциясына кирген эң маанилүү маселелерди алдын ала изилдөө жана кароо үчүн убактылуу же туруктуу комитеттерди түзүшү мүмкүн.

9.10.2. Комитеттердин саны жана адистешүүсү бир катар факторлордон, анын ичинде Директорлор Кеңешинин курамынын саны, бизнестин көлөмү, тармагы, өзгөчөлүктөрү, жана Компаниянын тобокелдик профилинен көз каранды. Комитеттердин саны жана функциялары Директорлор Кеңешинин чечими менен бириктирилиши мүмкүн.

9.10.3. Директорлор Кеңешинин комитеттеринин статусу, максаты жана ишинин регламенти, ошондой эле алардын мүчөлөрүнүн курамы жана саны Директорлор Кеңешинин чечими менен бекитилүүчү комитет жөнүндө өзүнчө жобо менен аныкталат.

9.10.4. Комитеттин мүчөсү катары Директорлор Кеңешинин мүчөлөрү гана болушу керек. Комитеттин мүчөлөрү ар түрдүү көз караштарды эске алуу менен, Комитеттин компетенциясынын алкагында маселелерди ар тараптуу талкуулоого жетиштүү деңгээлде компетенцияга, тажрыйбага жана серепчиликке ээ болушу зарыл.

9.10.5. Комитет Директорлор Кеңешин алмаштырбайт, анын функцияларын аткарбайт жана анын корутундусу кеңеш берүүчү мүнөзгө ээ.

9.10.6. Комитеттин төрагасы Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, ушул Жобо жана Компаниянын ички документтеринде белгиленген көз карандысыздык критерийлерине жооп берген Директорлор Кеңешинин көз карандысыз мүчөлөрүнүн катарынан шайланат.

9.11. **Корпоративдик катчы**

9.11.1. Компаниянын коллегиалдуу башкаруу органдарына уюштуруучулук жардам көрсөтүү максатында Корпоративдик катчы дайындалат.

9.11.2. Корпоративдик катчы Директорлор Кеңешинин чечими менен кызматка дайындалат жана бошотулат.

9.11.3. Корпоративдик катчысы болуп Компаниянын Уставында жана ушул Жободо өзүнө жүктөлгөн функцияларды аткарууга жөндөмдүү каалаган адам дайындалышы мүмкүн.

9.11.4. Корпоративдик катчы тиешелүү Директорлор Кеңешинин ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө барабар мөөнөткө дайындалат.

9.11.5. Корпоративдик катчы Директорлор Кеңешинин мүчөсү эмес жана добуш берүү укугуна ээ эмес.

9.11.6. Директорлор Кеңешинин чечими боюнча Корпоративдик катчыга Компаниянын бюджетинин чегинде сый акы төлөнүшү мүмкүн.

9.11.7. Корпоративдик катчы Компаниянын башкаруу органдарына жыйналыштарды уюштурууда, протоколдорду жүргүзүүдө жана мыйзамдарда, Компаниянын Уставында, ушул Жободо жана Компаниянын ички документтеринде башкаруу органдарынын иши үчүн каралган башка формалдуулуктарды жана жол-жоболорду аткарууга көмөк көрсөтөт.

делах Совета Директоров Компании и быть доступно для ознакомления членам Совета Директоров.

9.9.6. При необходимости, Корпоративный секретарь может подготовить и подписать выписки из протоколов Совета Директоров.

9.9.7. Очное заседание Совета Директоров сопровождается ведением стенограммы заседания. Аудио-, и/или видеозапись, позволяющая идентифицировать участников заседания и решения, принятые ими, может рассматриваться как стенограмма. Ответственность за ведение и хранение аудио-, и видеозаписи заседаний Совета Директоров несет Корпоративный секретарь.

9.10. **Комитеты Совета Директоров**

9.10.1. Совет Директоров может создавать временные или постоянные комитеты для предварительного изучения и рассмотрения наиболее важных вопросов, отнесенных к его компетенции.

9.10.2. Количество и специализация Комитетов зависит от многих факторов, включая количество членов Совета Директоров, масштаба, отрасли, специализации бизнеса и профиля рисков Компании. Количество Комитетов, а также функции Комитетов могут быть сгруппированы по усмотрению Совета Директоров.

9.10.3. Статус, цель и регламент деятельности комитетов Совета Директоров, а также состав и количество их членов определяются отдельным положением о комитете, утверждаемым по решению Совета Директоров.

9.10.4. Членами Комитета должны быть только члены Совета Директоров. Члены Комитета должны обладать компетенциями, опытом и экспертизой, достаточными для проведения всестороннего обсуждения вопросов в рамках компетенции Комитета, с учетом разных точек зрения.

9.10.5. Комитет не заменяет собой Совет Директоров, не выполняют его функции, а его заключение носит рекомендательный характер.

9.10.6. Председатель Комитета избирается из числа независимых членов Совета Директоров, отвечающих критериям независимости, установленным законодательством Кыргызской Республики, настоящим Положением и внутренними документами Компании.

9.11. **Корпоративный секретарь**

9.11.1. В целях оказания организационного содействия коллегиальным органам управления в Компании назначается Корпоративный Секретарь.

9.11.2. Корпоративный секретарь назначается и освобождается от исполнения обязанностей по решению Совета Директоров.

9.11.3. Корпоративным секретарем может быть назначено любое лицо, способное выполнить функции, возложенные на него Уставом Компании и настоящим Положением.

9.11.4. Корпоративный секретарь назначается на срок, равный сроку полномочий соответствующего состава Совета Директоров.

9.11.5. Корпоративный секретарь не является членом Совета Директоров и не имеет права голоса.

9.11.6. По решению Совета Директоров Корпоративному секретарю может выплачиваться вознаграждение в рамках бюджета Компании.

9.11.7. Корпоративный секретарь оказывает органам управления Компании содействие в организации заседаний, ведении протоколов, исполнении других формальностей и процедур, предусмотренных для работы органов управления законодательством, Уставом Компании, настоящим Положением и внутренними документами Компании.

9.11.8. Корпоративдик катчынын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

a) Акционерлер менен алардын укуктарын ишке ашыруу маселелери боюнча байланыш;
b) Компаниянын Акционерлеринин реестрин жүргүзүүнү жана сакталышын көзөмөлдөө;
c) Акционерлердин Жалпы Чогулушунун күн тартиби боюнча Акционерлерден сунуштарды түзүү;
d) Акционерлердин Жалпы Чогулушу боюнча материалдар менен Акционерлерди камсыз кылуу;
e) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Акционерлердин Жалпы Чогулушунун, Директорлор Кеңешинин, Шариат Кеңешинин жыйналыштарынын материалдарын сактоону камсыз кылуу, ошондой эле башкаруу органдарынын мүчөлөрүнүн талабы боюнча документтердин көчүрмөлөрүн берүү;
f) Компаниянын башкаруу органдарынын мүчөлөрү менен билдирүүлөрдү, добуш берүү бюллетендерин жөнөтүү жана башка кат алышууларды жүргүзүү;
g) башкаруу органдарынын жыйналыштарын уюштуруу аспектилери боюнча консультацияларды берүү;
h) Директорлор Кеңешинин, Шариат Кеңешинин мүчөлөрүнүн добуш берүүсүнүн жыйынтыктарын эсептөө, Компаниянын башкаруу органдарынын чечимдеринин долбоорлорун даярдоо;
i) башкаруу органдарынын мүчөлөрүнүн чечимдерге кол коюусун уюштуруу;
j) Директорлор Кеңешинин жана Шариат Кеңешинин протоколуна кол коюу;
k) протоколдон үзүндүлөрдү даярдоо жана берүү жана аларды Компаниянын мөөрү менен бекитүү;
l) Компаниянын башкаруу органдарынын уюштуруу буйруктарын аткаруу;
m) Директорлор Кеңеши тарабынан ага жүктөлгөн башка функцияларды аткаруу.

9.11.8. В компетенцию Корпоративного секретаря относятся:

a) связь с Акционерами по вопросам осуществления ими своих прав;
b) контроль по ведению и хранению реестра Акционеров Компании;
c) формирование предложений Акционеров по повестке дня Общего Собрания Акционеров;
d) обеспечение Акционеров материалами по Общим Собраниям Акционеров;
e) обеспечение хранения материалов Общих Собраний Акционеров, заседаний Совета Директоров, Шариатского Совета в соответствии с законодательством Кыргызской Республики, а также предоставление по запросу членов органов управления копий документов;
f) рассылка уведомлений, бюллетеней для голосования, ведение иной корреспонденции с членами органов управления Компании;
g) оказание консультации по организационным моментам заседаний органов управления;
h) осуществление подсчета результатов голосований членов Совета Директоров, Шариатского Совета, подготовка проектов решений органов управления Компании;
i) организация подписания решений членами органов управления;
j) подписание протоколов Совета Директоров и Шариатского Совета;
k) подготовка и предоставление выписки из протоколов и скрепление их печатью Компании;
l) исполнение организационных поручений органов управления Компании;
m) выполнение иных функций, возложенных на него Советом Директоров.

**9.12. Директорлор Кеңешинин жыйналыштарын материалдык-техникалык жактан жабдуу**

9.12.1. Компаниянын Башкы Директору Директорлор Кеңешине өз функцияларын жүзөгө ашыруу үчүн зарыл шарттарды түзөт, анын ичинде заманбап байланыш каражаттары менен жабдылган бөлмөнү, көчүрүүчү, көбөйтүүчү жана эсептөөчү техникасын колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

**9.12. Материально-техническое оснащение заседаний Совета Директоров**

9.12.1. Генеральный Директор Компании создает необходимые условия для осуществления Советом Директоров своих функций, включая предоставление помещения, оснащенного современными средствами связи, доступ к копировальной, множительной и вычислительной технике.

## 10. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

10.1. Бул Жобо бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет. Бул Жобого бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор Акционерлердин Жалпы Чогулушунун чечими менен киргизилет.

10.2. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына же Компаниянын Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн натыйжасында ушул Жобонун айрым жоболору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана/же Компаниянын Уставына карама-каршы келсе, алар күчүн жоготот жана тиешелүү өзгөртүүлөр ушул Жобого киргизилгенге чейин колдонулбайт.

10.3. Бул Жобонун түп нускасы Корпоративдик катчыда сакталат.

## 10. ЗАКЛЮЧИТЕЛЬНЫЕ ПОЛОЖЕНИЯ

10.1. Настоящее Положение вступает в действие с момента его утверждения. Все изменения и дополнения в настоящее Положение вносятся по решению Общего Собрания Акционеров.

10.2. В случае если в результате изменения законодательства Кыргызской Республики или Устава Компании отдельные положения настоящего Положения вступают в противоречие с законодательством Кыргызской Республики и/или Уставом Компании, они утрачивают силу и до момента внесения соответствующих изменений в настоящее Положение не применяются.

10.3. Оригинал настоящего Положения хранится у Корпоративного секретаря.